*1933-жылдын сентябрь айынан тартып чыгууда*

*Выходит с сентября 1933 года*

# ЖЕҢИШ ТУУСУ

# ЗНАМЯ ПОБЕДЫ

ЫСЫК-АТА

*Жума 25.09.2026-ж. №31 (8227) – 02.10.2026-ж. №32 (8228)*
*Пятница 25.09.2026 г. №31 (8227) – 02.10.2026 г. №32 (8228)*

**Райондук коомдук-саясий гезит / Районная общественно-политическая газета**

# ЧҮЙ ОБЛУСТУК КИТЕПКАНАСЫНДА “ТҮРКИЯ БУРЧУ” АЧЫЛДЫ




**Кант шаарында жайгашкан Чүй облустук китепканасында “Түркия – Чыгыш менен Батыштын жолугушуу чекити (“Турция – точка встречи Востока и Запада”) долбоору ишке ашырылып, “Түркия бурчунун” расмий ачылыш аземи өттү.**

**Ачылышка Кант шаарынын мэри Улан МАЙЛИБАШЕВ, Түркия Республикасынын Кыргыз Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Мекин Мустафа КЕМАЛЬ ӨКЕМ, Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин (ТИКА) төрагасы Абдуллах ЭРЕН, Кыргызстандагы Түрк диаспорасынын жетекчиси Атамша ДУРСУНОВ, Чүй облустук китепканасынын башчысы Тамила КАДЖИЕВА жана башкалар катышты.**

Иш-чаранын алкагында кызыл тасма кесилип, китепканадагы “Түркия бурчу” ачылды. Андан соң коноктор жаңы мейкиндик менен кеңири таанышып, бул иш-чараны Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы маданий кызматташтыкка өзгөчө көңүл бурулган маанилүү учур катары баалашты. Түрк борборунун ачылышы - маданий жана билим берүү тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүүдөгү жаңы кадам болуп саналат.

Кант шаарынын мэри өз кезегинде Түркия Республикасынын жогорку даражадагы өкүлдөрү келип ачылышка катышып жаткандыгына жана колдоолоруна ыраазычылык билдирди.

Долбоор Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин колдоосу менен ишке ашырылган. Эл аралык кызматташтыктын аркасында мындай долбоорлор билим берүү, маданият жана баарлашуу үчүн реалдуу мейкиндиктерди түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

